КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

8-октябрь 2025 № 1/226

Бишкек ш.
г. Бишкек

“Штаттык тизимге өзгөртүүлөрдү
киргизүү жөнүндө»

И. Раззаков атындагы КМТУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин 17.09.2025-ж. (№ 14 протокол), Окумуштуулар кеңешинин 24.09.2025-ж. (№ 1 протокол) Ректордук кеңешинин 15.09.2025-ж. чечимдеринин негизинде штаттык бирдиктерди оптималдаштыруу жана финансы каражаттарын рационалдуу пайдалануу максатында **буйрук берем:**

1. Илим жана инновациялар департаменти жана квалификацияны жогорулатуу борборун бириктирүү жолу менен Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти түзүлсүн.
2. Логистика жана материалдык-техникалык бөлүмдөрдү бириктирүү жолу менен Логистика бөлүмү түзүлсүн.
3. 2025-жылдын 1-октябрынан тартып КМТУнун штаттык тизимине төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

***3.1. төмөнкү кызмат орундары кыскартылсын:***

| № | Бөлүмдүн аталышы | Кызматтын аталышы | бирдик | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Материалдык-техникалык жабдуу бөлүмү | башчы | 1 | бюджет |
| 2 | Материалдык-техникалык жабдуу бөлүмү | кампа башчысы | 1,5 | бюджет |
| 3 | Илим жана инновациялар департаменти | директор | 1 | атайын каражат |
| 4 | Квалификацияны жогорулатуу борборунун | директор | 1 | атайын каражат |
| 5 | Студенттерди тейлөө борбору | директордун орун басары | 1 | атайын каражат |

***3.2. төмөнкү штаттык бирдиктер киргизилсин:***

| № | Бөлүмдүн аталышы | Кызматтын аталышы | бирдик | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти | директор | 1 | атайын каражат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти | башкы адис | 5 | атайын каражат |
| 3 | Логистика бөлүмү | башчы | 1 | бюджет |
| 4 | Логистика бөлүмү | башкы адис | 1 | атайын каражат |
| 5 | Логистика бөлүмү | сатып алуулар боюнча адис | 1 | бюджет |
| 6 | Логистика бөлүмү | кампа башчысы | 2 | бюджет |
| 7 | Тарбия иштери боюнча департамент | бүтүрүүчүлөр менен иштөө боюнча координатор | 0,5 | атайын каражат |
| 8 | Эл аралык логистика жогорку мектеби | директордун сапат боюнча орун басары | 1 | атайын каражат (кошумча акы төлөө менен) |
| 9 | Институттар, жогорку мектептер | Директордун илим боюнча орун басары | 11 | атайын каражат (кошумча акы төлөө менен) |

4. Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаментинин директору Департаменттин Жобосун, кызматтык милдеттенмелерди 2025-жылдын 15-октябрына чейин жаңыртып, бекитүүгө берсин.
5. Логистика бөлүмүнүн башчысы бөлүмдүн Жобосун, кызматтык милдеттенмелерди 2025-жылдын 15-октябрына чейин жаңыртып, бекитүүгө берсин.
6. Пландоо-каржы башкармалыгы штаттык тизимге тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.
7. Адам ресурстары башкармалыгы кыскартууну Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде жүргүзсүн.
8. Мамлекеттик тил жана санариптештирүү боюнча проректор түзүмдүк өзгөртүүлөр боюнча AVN, 1С, ЭДОК электрондук кызматтарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камсыздасын.
9. Берилген буйрукту көзөмөлдөө иши АЧИ боюнча проректор А. Т. Асиевге жүктөлсүн.

Негиз: КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин 24.09.2025-ж. № 1 протоколунун көчүрмөсү, КМТУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин 17.09.2025-ж. № 14 протоколунун көчүрмөсү, окумуштуу катчынын билдирүүсү.

Ректор М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов